**Бишкек шаарындагы №4- гуманитардык-укукук багытындагы мектеп-гимназиясынын мамлекеттик тил усулдук бирикмесинин 2020-2021- окуу жылында аткарган иштерине**

## АНАЛИЗ

Мектептин мамлекеттик тил боюнча усулдук бирикмесинде 16 мугалим эмгектенет. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып иштеген бул жамаат жыл ичинде көп ийгиликтерди жаратты. Бүткүл Республикада өзгөчө режим болуп жаткандыктан окуу жылын баштоодо тоскоолдуктар, көнүмүш эмес жаңылануулар көп болду.

Август айында онлайн өткөрүлгөн "Август кеңешмесине" катыштык. Жамаат менен бирге кеңешип, тегерек стол уюштуруп,окуу жүктөмүн бөлүштүрдүк. Жаш адистерге насаатчыларды дайындадык, алар: Намазбекова Нурилага- Султанова Гүлбара, Керезова Анарага- Жороева Гүлнур,Асантурова Айдайга- Шонкоева Гүлбарчын насаатчы болуп бекитилди. Андан соң календарлык-тематикалык планды түзүп чыгып, бекиттирдик. Окуу жүктөмдөрү бөлүнүп берилди.

Мектеп ичинде кыргыз тили сабагын өтүү гө ылайыкталган 4 толук класс үчүн кабинет, 4 жарым тайпалар үчүн кабинеттер бар, жабдылышы толугу менен кыргыз тилинде.

Мектеп ичиндеги мамлекеттик символикалар, көрнөк-жарнак тар мамлекеттик тилде түзүлгөн.Мугалимдер үчүн интернетке туташкан компьютер менен жабдылган усулкана берилген.

Сентябрь айына чейин мугалимдер онлайн окутууга даярдык көрүштү.. Гугл мит менен сабак өтүү, гугл календарды колдоно билүү, гугл диск менен иштөөнү өздөштүрүштү. Булүчүн мектеп администрациясы тарабынан атайын онлайн сабактар уюштурулду.

Буларды өздөштүргөн соң КТПнын негизинде ар бир мугалим сабактаколдонууга видео сабактарды, чакан ролик, презентацияларды түзүп, даярдык көрүштү. Окуу башталгандан тартып, өз сабактары менен теле сабактарды байланыштырып, онлайн сабактарды ийгиликтүү өтүп жаттык.

23- сентябрда Мамлекеттик тил күнүн майрамдоо бул мектепте салттуу көрүнүш. Ар бир кыргыз тили мугалими бул майрамда четте турган жок, куттуктоолорду уюштуруп,видео куттуктоо, дубал газета уюштуруп, көркөм окуу сынагын даярдап, эч болбогону сабагында атайы дайындалган видео ролик көрсөттү. Республикалык деңгээлде уюштурулган видео куттуктоолордун конкурсуна катышып, намазбекова Нурила даярдаган видео куттуктоо 4-орунга ээ болуп, баалуу белектерге татыктуу болдук.

1- чейректи ийгиликтүү жыйынтыктап, чейрек аягында предметтик мугалимдер билим сапаты боюнча мониторинг түзүп, онлайн отчетторду тапшырышты.

Экинчи чейрек башталгандан тарта, гугл мит менен окууну уланттык да, гугл форма аркылуу тесттерди түзүүнү өздөштүрүп, өзүбүз үчүн да жаңы нерселерди үйрөнүп, окуучуларга да көп жаңы мүмкүнчүлүктөрдү үйрөттүк. Мисалы , бир нече топко бөлүнүп чакан презентация даярдоо,слайд түзүү, видео ролик даярдоону окуучуларда, мугалимдер да терең өздөштүрдүк.

Бул окуу жылында Манас күнүнө каратадаярдыкты эрте баштадык. Ар бир мугалимге онлайн сабак, видео сабак жана презентацияларды дайындоо милдети жүктөлгөн. 1- декабрь күнү төмөнкү мугалимдер өз иш аракеттерин дайындап келишкен. 4-декабрь-Манас күнү ар бир кыргыз тили же адабияты өтүлгөн класстарда "Манас" эпосу тууралуу маек курулду. 11-класстарга Төрөбаева Т.И.даярдаган, 10-9класстарга- Базарбаева Н.К., 8-7-класстарга- Султанова Г.А.жана Намазбекова Н.Н, 6-5-класстарга- Асантурова Айдай, 4- класстар үчүн –Сатибаева Э.,

3- класстар үчүн Каныбек кызы А. жана Керезова А.дайындаган видео сабак, презентациялар көрсөтүлдү.

Класстардагы "Манас" айткан окуучулар эпостон үзүндү айтышты. 6-В класстан Сапарбеков У,Каримов А, 6-И класстан Бактыбекова А жана Асылбекова Берметтер эң жакшы деңгээлде "Манас" айтышты.Кыргыз элинин улуу мурасы болгон "Манас" эпосун даңазалоо, кайрадан окуучулардын жан дүйнөсүн козгоп, узакка эстеринде калды.

Кыргыз элине атты кашкасындай таанымал, Кыргыз деген атты дүйнө жүзүнө тааныткан Чынгыз Айтматовдун туулган күнүн белгилөө бул мектепте салтка айланган. Үстүбүздөгү окуу жылында окутуу онлайнжүргүзүлүп жатканына карабастан, мугалимдер жамааты окуучулар менен бирдикте залкар жазуучуну даңазалашты. Жогорку класстар үчүн презентациялар, ортоьнку жана башталгыч класстардын окуучулары үчүн видео сабактардыбелгиленген мугалимдер даярдашты. Бул презентацияларды даярдоодо окуучулар канчалык деңгээлде Айтматовду билишээрин, канчалык терең аны сүйүп- урматтаарын көрсөтүштү. Айтматовдун чыгармалары боюнча суроолорго окуучулар жан дили менен жооп беришти.Ар бир мугалим сабагында Чыңгыз Айтматовду даңазалоосу онлайн сабактарга кирүү аркылуу көзөмөлдөндү. Ар бир даярдалган презентация, видео ролик, видео сабак мам.тил бөлүмүнүн почтасында сакталды. 12- декабрь күну саат 17:00дө гугл мит аркылуу мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Султанова Гүлбара Атыркуловна кыргыз тили сабагынын мугалимдери менен жолугушту. Бул жолугушууда аткарылган иштер боюнча талкуу жүрдү.Кетирген кемчиликтерди жоюп, кийинки маарекени мындан да кеңири,кызыктуу кылып уюштуруу макулдашылды. башталгыч класстын окуучулары жаш курагына карабастан Айтматов жөнүндө маалыматтарды айтып, чыгармалары жөнүндө маек куруп, эжейлерин кубандырды. Окуучулар менен иштөөдө өзгөчө жакшы аракеттерди Мамбетова А.А, Байгашкаева З.Ж.,Шалпыкова Г.А. көрсөтө алышты.

Экинчи чейректи да окуутунун онлайн формасында жыйынтыктадык. Ноябрь айынын аягында мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада өткөрүлдүКыргыз тили УБде окуучулардын эмгегин калыс баалап, татыктуу орундарды беришти.Жыйынтыгы УБнин папкасында сакталды.

Райондук олимпиада биздин №4 мектептин базасында өткөрүлүп, ага биздин окуучулар катышты., мамлекеттик тил боюнча 11-Б класстын окуучусу Токтогонова Ниет 3-орунга ээ болду, баалуу сыйлыктарга татыды.

Албетте, окутуп-тарбиялоо процессинде көйгөйлөр, кыйынчылыктар болбой койгон жок. Үйүндө жаткан окуучуну көзөмөлдөө кыйынчылыктарды жаратты, айрым окуучулар сабакка катышууга шарты жок, окуусу үзгүлтүккө учураган учурлар болду. Мындай көрүнүштөрдү жоюунун үстүндө аракеттерди көрдү.

Экинчи жарым жылдыктын башталышы менен календарлык- тематикалык пландарды жалпы мугалимдер менен бирдикте кайра карап чыгып, мөөнөттөрүн тактоо жүргүзүлдү. Өздүк темалардын үстүндө иш алып барылды. Жаш адистердин көйгөйлөрүн карап, кеп-кеңеш берилди. Январь айында алгачка агартуучу, педагог, котормочу, публицист Хусейин Карасаевдин 120 жылдыгын өткөрүү боюнча бир айлык иш чара өткөрүлдү.

1. Х.Карасаевдин 120 жылдыгына карата окуучуларга онлайн окутуу учурунда маалымат берилди.
2. "Х.Карасаев-кыргыз элинин туңгуч тилчиси"- Карасаевдин өмүрү-чыгармачылыгы(басып өткөн жолу) боюнча презентаияны мугалимдер Шонкоева Г.,Атабекова а., Асантурова А. 5-6- класстар үчүн даярдашты.

3. “Х.Карасаев- алп агартуучу” деген аталыштагы видео сабактар өтүлдү. Аларды мугалимдер Мамбетова, Садыкова, Намазбекова өтүштү.
4. “Х.Карасаевдин “Камус Наама”сөздүгү, орфографиялык сөздүгү жана алардын тил илиминде пайдаланылышы” деген темада видео роликтер даярдалды. Окуучуларды жетектеген мугалимдер : Базарбаева Н.,

Байгашкаева З, Төрөбаева Т.И.

Ушул өтүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгынын негизинде Х.карасаевдин 120 жылдыгына карата жарыяланган республикалык акцияга жигердүү катышкандыгыбыз үчүн Кыргыз Республикасынын президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча ууттук тил комиссиясы тарабынан диплом менен 24.02.2021-жылы сыйландык.

21- февраль- Эл аралык эне тил күнүнө карата онлайн конкурстар уюштурулду, окуучулар райондук “Тил- достуктун ачкычы” аттуу изилдөө долбооруна оффлайн катышып, мактоолорго арзыды. Ар бир класста онлайн сабак учурунда эне тил тууралуу маек курулуп, ырлар көркөм окулду.

5-март- ак калпак күнүнө карата мугалимдер ачык сабактарды, класстан тышкаркы иш чараларды жана онлайн сабактарда видео түрмөктөрдүн коштоосу менен сабактар өтүлдү.Видео түрмөктөр ата- энелерге көрсөтүлүп, алардын сүймөнчүлүгүнө ээ болду. 5-Д классында ачык сабак өткөрүлүп, балдардын патриоттук сезимдерин күчөтүп, эзелтеден эле кыргыз элим ак калпагын ыйык тутуп, баалап, даңазалагандыгын чагылдырды.

15-марттан 20-мартка чейин мамлекеттик тил боюнча УБде кыргыз тили декадасы өткөрүлдү. Ар бир мам.тил мугалими ачык сабак же класстан тышкаркы ишке даярданып, мугалимдер арасында тажрыйба алмашуу жүргүзүлдү. Мисалы Сатибаева Э.”Жаз мезгили” деген темада 2-класстын окуучуларына көрсөтмөлүү сабак өттү.Турдубекова Жибек 2-В классына “Чабалекей” деген темада абдан кызыктуу сабак өтүп берди.Атабекова А 5-Е классына К.Баялиновдун “Чабалекей менен жылан” аттуу аңгемесин абдан кыззыктуу, балдарга жеткиликүү өтө алды. 11-Ж класска Байгашкаева Зарина интерактивдүү оюн уюштуруп, мультимедиялык каржаттарды колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөттү.

НТС жана Баластан телеканалы үчүн ФПИОнун колдоосу менен 4- мектептен телесабакка5-6-класстарга орус тилинде окутулган мектептер үчүн кыргыз тили сабагын Байгашкаева Зарина Жаныбековна өттү. План боюнча сабактар 20 мүнөттөн тартылып, жаңы стандарттын негизинде өтүлдү. Республика боюнча бул телесабактар көрсөтүлдү. Бул дагы мектеп жамааты үчүн эң жакшы көрсөткүч болуп эсептелет.

Май айынан баштап мамлекеттик тил УБде алгачкы профессор, тилчи Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына арналган беш айлыкты өткөрүү гө кам урушту. Усулдук бирикменин мугалимдери Асантурова, Атабекова атайын бурч уюштуруп, реферат, буклет даярдашты. Жороева жана Каныбек к.Адубал газета уюштурушту. Мамбетова А. 9-класстарда К.Тыныстанов боюнча викторина уюштурду. Жай мезгилинде К.Тыныстановдун айылы Чырпыктыга барып, үй музейин көрүп, маалымат алуу тапшырмасы жаш адис Намазбекова Нурилага тапшырылды. К.Тыныстанов тууралуу шаар тургундарынан интервью алуу милдети Керезова Анарага тапшырылды. К.Тыныстановдун жакын адамдарын иликтөө боюнча проектти Турдубек кызы Жибек уюштуруда.

Райондо өткөрүлгөн "Сабаттуу бол" акциясынын негизинде окуучулар арасындагы жат жазуу сынагында 9-класстын окуучусу Аттокурова Толкунай катышты. "Туңгуч профессор-К.Тыныстановдун эмгеги унутулгус, табылгыс тарбия" аттуу жаш адистер арасындагы райондук дилбаян жазуу сынагына жаш адистер Намазбекова Н. жана Керезова А. катышышты. Жогорку класстарда презентациялар , башталгыч класстарда видео түрмөктөр көрсөтүлдү. 4-11-класстардын окуучулары чейректик жат жазууну "касым Тыныстанов" деген темада жазышты.

Ошондой эле мектепте 4- класстын окуучуларынан жаңы стандарттын негизинде жыйынтыктоочу тест алынды. Тест өз ичине тесттик суроолорду, диалог боюнча иштөө жана окуп түшүнүү ыкмасында текст менен иштөөнү камтыды. Окуучулар жандуу катышып, активдүүлүгүн көрсөтө алышты.

Жыл аягында ар бир предметтик мугалим өзүлөрү өткөн сабактары боюнча мониторинг түзүп, тапшырышты. Жыл ичинде аткарган иштери тууралуу отчет жазышты.

**Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары : ____________Султанова Г.А.**